ОЛУТТУУ ОКУЯЛАРДЫ УТУРЛАП...

Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүнүн 25 жылдыгы жана сентябрь айында болуп өтүүчү бүткүл дүйнөлүк көчмөндөр оюндары өлкөбүздүн коомдук турмушундагы эң орчундуу окуялардан болуп эсептелинет.

# УЛУТТУК БАНК ЖАҢЫ МОНЕТАЛАРДЫ ЧЫГАРДЫ




Мына ушул окуяларга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2016-жылдын 15-августунан «Эгемен Кыргыз Республикасына 25 жыл» жана «Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары» коллекциялык күмүш монеталарын жүгүртүүгө чыгарат. Бул тууралуу КР Улуттук банктын тиешелүү адистери жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүнө кеңири маалымат беришти.

Бул монеталар Улуттук банкы тарабынан Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн калыптанышына байланыштуу маанилүү тарыхый окуяларды кеңири таанытуу, дүйнөдөгү калктардын улуттук спорт түрлөрүн кайрадан жаралуусу жана өнүктүрүү максатында чыгарылган. Кыргызстандын тарыхый-маданият мурасын көргөзгөн коллекциялык монеталар жаштарды патриоттуулукка жана атуулдук ар намыска тарбиялоону көздөйт.

«Эгемен Кыргыз Республикасына 25 жыл» монетанын алдыңкы бетине түшүрүлгөн боз үйдүн түндүгү ортосунда туштушка чачырап тийген күн нурунун алкаганда канатын кере жайган бүркүттүн элеси кыргыз мамлекетинин жана элдердин эркиндигин даңазалайт. Монетанын сол жагында «25» деген сан жайгашкан. Монетанын кырында тегерете «Эгемен Кыргыз Республикасына 25 жыл/ Независимой Кыргызской Республике - 25 лет» жазуулар түшүрүлгөн.

Монетанын арткы бетинин чок ортосунда Кыргыз Республикасынын герби, сол тарабында металлдын сапат белгиси (Ag 925°), ал эми оң тарабында монетанын салмагы керсөтүлгөн (31,10 г.). Жогорку бөлүгүндө чыгарылган жылы (2016), төмөн жагында монетанын номиналы көрсөтүлгөн (10 сом).

«Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары» монетанын алдыңкы бетинде көчмөндөр оюндарынан сюжеттер чагылдырылган. Монетанын чок ортосунда тамгондук ыкмада Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын логотиби түшүрүлгөн. Монетанын кырын тегерете «Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары/ World Nomad Games» жазуусу, ал эми төмөн жагында - монетанын номиналы (10 сом), монетанын салмагы (31,10) жана металлдын сапат белгиси (Ag 925°) көрсөтүлгөн. Монетанын арткы бетинин ортосунда Кыргыз Республикасынын герби жана көчмөндөрдүн ыйык турагы - боз үйдүн элеси чагылдырылган. Монетанын чыгарылган жылы төмөнкү бөлүгүндө көрсөтүлгөн (2016). Бул монета мурунку тегерек монеталардан айырмаланып, төрт бурчтук түрүндө чыгарылган.

**Монеталардын өзгөчөлүктөрү**

| Аталышы | Номиналы | Металлы (сапат белгиси) | Салмагы (г) | Диаметри (мм) | Сапаты | Нускасы (даана) | Сатуу баасы (сом) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| «Эгемен Кыргыз Республикасына 25 жыл» | 10 сом | Ag 925° | 31,10 | 38,61 | «Proof » | 1000 | 2500 |
| «Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары» | 10 сом | Ag 925° | 31,10 | 38,61х 38,61 | «Proof » | 1000 | 2700 |

Монеталар Кыргыз Республикасынын аймагында расмий төлөм каражаты статусуна ээ. Ар бир монета акрил капсуласына жайгаштырылган жана ага сертификат тиркелип өзүнчө кутучага салынып коюлган.

**Абдимухтар АБИЛОВ**

## ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛУСУНУН АЛА-БУКА, НАРЫН ОБЛУСУНУН НАРЫН ШААРДЫК, ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУНУН БАЛЫКЧЫ ШААРДЫК, ЧҮЙ ОБЛУСУНУН СОКУЛУК ЖАНА МОСКВА АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯЛАРЫНЫН КУРАМДАРЫНА ЖАНА РЕЗЕРВДЕРИНЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮ ЖӨНҮНДӨ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫНЫН

### ТОКТОМУ

Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясынын курамынан аймактык шайлоо комиссиянын мүчөлөрү А.А.Алчыматованы, Ж.А.Эргешовду, Т.К.Райбекованы, Б.Т.Жолочиевди, М.С.Бугубаеваны, А.О.Толобаевди, А.Ш.Турдубаевди, Б.С.Айдарованы, В.О.Алыбаеваны, Ш.М.Лосыны өз арыздарынын негизинде, Москва аймактык шайлоо комиссиясынын курамынан аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү М.Ю.Третьяковду жана К.О.Шабдалиеваны чыгаруу жөнүндө 2016-жылдын 27-июлундагы кайрылуусунун жана Балыкчы аймактык шайлоо комиссиясынын курамынан аймактык шайлоо комиссиясынын мүчөсү Ч.Ж.Жыргаловду чыгаруу жөнүндө 2016-жылдын 8-августундагы кайрылуусунун негизинде, «Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 7, 19, 22-беренелерин, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын 2011-жылдын 8-июлундагы №7 токтому менен бекитилген «Шайлоо комиссияларын түзүү жана таркатуу тартиби жөнүндө» жобосун жетекчиликке алып, Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

**1.** Жалал-Абад облусунун Ала-Бука аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жана резервине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- комиссиянын курамынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Алчыматова Акылай Арзыматовна жана Эргешов Жеңишбек Апсаматович; «Республика–Ата-Журт» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Райбекова Топчугүл Кылычбековна чыгарылсын;

- резервден комиссиянын курамына жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Рахманжанова Махлиёхон Таиржановна, Ибраймалиева Нурила Осмонкуловна жана Эргешова Шааркан Акимбековна киргизилсин.

**2.** Нарын облусунун Нарын шаардык аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жана резервине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- комиссиянын курамынан «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы»

- саясий партиясынан көрсөтүлгөн Жолочиев Бакытбек Турусбекович, «Замандаш» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Бугубаева Майрамкүл Султанбековна чыгарылсын;

- комиссиянын курамына резервден жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Чокенова Наргиза Алмасбековна, Бейшек кызы Адила; «Республика–Ата-Журт» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Арунов Дайырбек Абдразакович киргизилсин.

**3.** Чүй облусунун Сокулук аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жана резервине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- комиссиянын курамынан «Замандаш» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Турдубаев Абдусамат Шукурович чыгарылсын;

- комиссиянын курамынан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Айдарова Багдагүл Сатаровна жана Алыбаева Венера Осмонбековна комиссиянын резервинен чыгарылсын;

- комиссиянын курамына резервден жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Белеков Алманбет Эсенкулович киргизилсин.

**4.** Ысык-Көл облусунун Балыкчы аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жана резервине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- комиссиянын курамынан «Замандаш» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Жыргалов Чоробек Жыргалович чыгарылсын;

- комиссиянын курамына резервден «Республика–Ата-Журт» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Молдокулова Гульбара Токтомамбетовна киргизилсин.

**5.** Чүй облусунун Москва аймактык шайлоо комиссиясынын курамына жана резервине төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

- комиссиянын курамынан «Кыргызстан үй куруучулардын партиясы» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Лосы Шарип Мухамедович; «Кыргызстан социал-демократиялык партиясы» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Третьяков Максим Юрьевич; жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Шабдалиева Каныкей Осмоновна чыгарылсын;

- комиссиянын курамына резервден «Акшумкар» саясий партиясынан көрсөтүлгөн Жорокулов Эльдияр Болотбекович; «Ата Мекен» социалисттик саясий партиясынан көрсөтүлгөн Алымкулов Азамат Алтынбекович жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынан көрсөтүлгөн Джаилов Аскарбек Сатаевич киргизилсин.

**6.** Бул токтом «Эркин Тоо» газетасына жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын расмий сайтына жарыялансын.

**7.** Бул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясынын төраганын орун басары А.Г.Бекматовго жүктөлсүн.

**ТӨРАГА Н.ШАЙЛДАБЕКОВА**

***Бишкек ш., 2016-жылдын 11-августу №136***

**ПССИ ПЕРВОМАЙСКОГО РАЙОНА г. БИШКЕК**

**объявляет вторичные публичные торги**

***на заложенное имущество благоустроенную квартиру по адресу: г.Бишкек, ул. Баялинова, д. 180/1, кв. 8 (идентификационный код №1-02-09-0041-0245-01-008)***

**общей полезной площадью – 68,7 кв.м., жилой площадью – 45,6 кв.м., принадлежащей Иманазаровой Бактыгул Жакшылыковне, путем продажи с публичных торгов, установив его начальную (стартовую) продажную цену в размере – 1 181 347 (один миллион сто восемьдесят одна тысяча триста сорок семь) сом.**

Для участия в торгах необходимо внести **5%** от начальной (стартовой) продажной стоимости, до начала торгов **на депозитный счет ПССИ Первомайского района г.Бишкек.** Покупная цена должна быть внесена не позднее 5-дневного срока после торгов на депозитный счет ПССИ Первомайского района г.Бишкек. Торги состоятся **19 сентября 2016 г. в 10.00 часов** по месту нахождения имущества.

***Организатор торгов суд. исполнитель Жоробаева Г.Ч., справки по тел.: 30-31-89***

Н-369